## Ноты Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталары
*(2017-жылдын июнь айы)*

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталарына суроо-талап төмөн катталгандыктан (-37,6 пайыз), кароого алынган мезгил ичинде Улуттук банк тарабынан ноталарды жайгаштыруу боюнча төрт аукцион өткөрүлгөн, жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү 8,5 млрд сомду түзгөн, бул өткөн айдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 39,3 пайызга төмөн.

Мында, Улуттук банктын ноталарына орточо аукциондук суроо-талап көлөмү[1] ай ичинде 21,9 пайызга төмөндөп, 1,9 млрд сом өлчөмүндө түптөлгөн. Кароого алынган мезгил ичинде орточо аукциондук сатуу көлөмү ай ичинде 11,6 пайызга азайып, 1,7 млрд сом чегинде калыптанган.

Улуттук банк тарабынан жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатына ылайык, өткөн айда сыяктуу эле, отчеттук мезгил ичинде да банк тутумун үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу максатында, сатуу көлөмү жүгүртүү мөөнөтү 7 жана 28 күндөк ноталар түрүндө сунушталып, алардын жалпы көлөмү 6,7 млрд сомду (-29,3 пайыз) түзгөн. Мында, жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталар боюнча кирешелүүлүк эсептик чен чегинин алкагында катталгандыгын белгилеп кетүү зарыл, анда төмөн чек катары 0,25 чен боюнча "овернайт" депозити, ал эми жогорку чек катары 6,25 пайыздык чен боюнча "овернайт" кредити саналган.

Ай акырына жүгүртүүдөгү ноталар көлөмү жыл башынан бери 33,3 пайызга төмөндөө менен 3,5 млрд сомду түзгөн. Улуттук банктын ноталарынын ээлик кылуучулары катары 100,0 пайыздык үлүшү менен коммерциялык банктар саналат (жыл башынан бери +1,9 п.п.).

Ошентип, рынок тарабынан аныкталуучу Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү отчеттук мезгилде ай ичинде 1,0 пайыздык пунктка көбөйүү менен 2,6 пайызды түзгөн, ал жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталардын жогору кирешелүүлүгү менен шартталган (3,6 пайыз; +0,6 п.п.). Улуттук банктын 7 күндүк ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү 2,1 пайызды (+1,1 п.п.) түзгөн.

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




[1] Бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талап/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна пайдаланылат, анткени ай ичинде өткөрүлүүчү аукциондордун саны туруктуу болуп саналбайт.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сатуунун динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк Улуттук банктын ноталарына ээлик кылуучулардын түзүмү**

*млн сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Юридикалык жактар - резиденттер | | Жеке адамдар - резиденттер | | Институцион. инвесторлор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.07.2016 | 5 986,0 | 5 979,0 | 99,9% | 7,0 | 0,1% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.08.2016 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.09.2016 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.10.2016 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.11.2016 | 2 000,0 | 1 976,6 | 98,8% | 23,4 | 1,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.12.2016 | 2 000,0 | 1 986,2 | 99,3% | 13,8 | 0,7% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.01.2017 | 5 244,0 | 5 142,4 | 98,1% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 101,6 | 1,9% |
| 01.02.2017 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.03.2017 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.04.2017 | 4 280,0 | 4 280,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.05.2017 | 5 250,0 | 5 250,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.06.2017 | 4 325,0 | 4 325,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.07.2017 | 3 511,0 | 3 511,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 1,0 | 0,0% | 1,0 | 0,0% |